| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА<br>ХАН-ТЕНИРИ** |

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 9- сессиясы

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 12-июнь** **№ 56** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагындагы Сарке-Ата сугат суу каналын муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берүү жана аны Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагындагы Ак-Булуң айылынын үстү жагындагы Сарке-Ата сугат суу каналын муниципалдык менчикке кабыл алуу жана натыйжалуу пайдалануу үчүн Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун билдирүүсүн угуп жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 27,28,29-беренелерине негиздеп жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагындагы Ак-Булуң айылынын үстү жагындагы Сарке-Ата сугат суу каналын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алууга уруксат берилсин.
2. Сарке-Ата сугат суу каналы айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынгандан кийин Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү боюнча тиешелүү иш жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**